# Жараланган таранчы



Автор: Бакытбек Джунусалиев

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Жараланган таранчы

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган"

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Жараланган таранчы» (кыргыз тилинде), автор Бакытбек Джунусалиев, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тилек бүгүн көчөгө чыкпай, алма бактын арасында жүрдү. Бир убакта ал кубанычы койнуна батпай чуркап келди. Айдай эжесине колундагы чымчыкты көргөздү:

– Айдай эже, караңызчы, тирүү чымчык!

– Айи-и, – деп чочуп кетти Айдай. – Муну тезинен коё бер.

– Жок, мен муну чоң атама көрсөтөм, – деди Тилек.

Экөө чоң атасына келишти.

– Чоң ата! Чоң ата! Караңызчы, биз эмнени алып келдик!

Чоң атасы Тилектин колунан жарадар таранчыны көрдү.

– Муну кайдан алдыңар? Уясынан жерге түшүп калыптырбы? – деди чоң атасы.

– Жок, атып алдым, – деди да, чөнтөгүндөгү чозмону алып чыкты.

– Ок! – деп чочуп кетти чоң атасы. – Аны кайдан алгансың?

– Урмат берген.

– Жок, балам, андай болбойт. Берчи, эмне болгонун көрөйүн.





Чоң атасы небересинин колундагы чымчыкты акырын алды да, аяр кармап, канатын чоюп көрдү.

– Кудай жалгап, катуу жаракат албаптыр. Катуу коркуп калган экен. Таранчы тура, – деди чоң атасы.

– Чымчыктын аты таранчыбы? – деп Тилек чоң атасынын артынан ээрчий сүйлөдү.

– Таранчы деген мына ушул кичинекей боз чымчык болот. Таранчылар талаа эгиндерине зыян келтирген курт-кумурскаларды жеп, дыйкандарга чоң жардам берет.

– Ооба, бизге эжейибиз “Ар дайым жаныбарларды коргоп жүргүлө, аларды таш менен урбагыла, өлтүрбөгүлө” деп айтат, – деди Айдай.

– Мен бир эле чымчыкты аттым да. А калганын коргой берсе болот, – деди Тилек.

– Жок, балам, жаратылышта ар бир жандыктын өз орду бар. Бир чымчык дегениң менен мунун уясы, балапандары болушу мүмкүн. Сен бул чымчыкты жаралап коё турган болсоң, анын балапандарын ким багат? Ошондуктан канаттууларга дагы, жан-жаныбарларга дагы жакшы мамиле кылуу керек.



– А мен чымчык болсом, чоң ата, анда жыргап булуттарга чейин учуп бармакмын. Айылдагы балдарды суктандырып, ары-бери учуп, бактардын тээ башына барып конмокмун. Апамдарды сагынганда шаарга учуп кетмекмин, – деди Тилек тамшана. Анан көзүн жумуп алып, көк асманда кантип учуп жүргөнүн, досторунун баары ага суктанып жаткандарын элестетип, кыялга батып кетти.



Ошол убакта айланасын аппак булут каптагандай болуп, эч нерсе көрүнбөй калды. Анан ал булут тараганда баягы чоң атасы дөөдөй болуп калганын көрдү. Таң кала эки жагын карады. Жок, чоң атасы дөө болбоптур, тескерисинче, өзү кичинекей болуп калыптыр. Ооба, Тилек таранчыга айланып калды.

Ары-бери секирип да көрдү, канаттарын жайып карап алды. Алгач коркуп кетти. Бирок өзүнүн уча ала турганын эстеп, кыялы мынча тез орундалганына аябай сүйүндү. Сарайдын жанындагы бакты көздөй учуп жөнөдү. Мына кызык... аябай жеңил учуп баратты. Көрсө, чымчыктар жыргап, ушинтип эле каалаган жагына учуп жүрө берет турбайбы деп ойлоп койду.

Түз эле бактын чокусундагы бутакка барып конду. Бийиктиктен алгач башы айланып барып кайра жакшы болуп кетти. Ал жерден баары алаканга салгандай даана көрүнөт экен. Короодо отурган чоң атасы менен Айдай эжесин дагы көрдү.

Ошентип Тилек андан ары учту. Айылдын үстүнөн учуп, баарын кыдырып чыкты. Аянтчада ойноп жаткан балдарды, чоң жолдо талааны көздөй кетип бараткан ат арабаны, айылдын четинде жайылып жүргөн уйларды көрдү. Акыры айланып келип, короонун жанындагы бактын башына конду. Ошол учурда жанына дагы бир таранчы келип калды.

– Тилек, учкан жактыбы? – деп сурады ал.

Тилек чочуп кетти. Атын кайдан билет бул таранчы? Ал сүйлөгөндү кайдан билет? – деп ойлоп кетти. Демек, эми таранчылар сыяктуу учуп эле тим болбостон, алар менен сүйлөшө да алат турбайбы. Сүйүнүп кетти.

– А сен менин атымды кантип билдиң? – деп сурады.

– Сен чозмо менен аткан таранчымын да, тааныган жоксуңбу? – деди. – Менин атым Карабаш, кааласаң, мен сени биздин жашообуз менен тааныштырайын!





Ошентип алар чогуу учуп кетишти. Алгач Карабаш Тилекти таранчылар тамак таап жеген талаага алып барды. Экөө балапандарды тойгузуу үчүн талаадан курт-кумурска ташып келип жатышты. Тилек аябай чарчады. Ал гана эмес, бир жолу талаага чыкканда күйкө деген куш алардын артынан кууду. Күйкөдөн качып, калың бадалдын бутактарынын арасына жашынып, араң кутулушту.

Ошентип, Тилек таранчылар жыргап эле учуп жүрө бербей турганын түшүндү. Ал гана эмес, ойноп жүргөн балдар чозмолору менен атышты. Дагы жакшы, тийбеди. Мына ошондо гана Тилек чоң атасынын короосуна учуп барды. Эми анын таранчы болгусу келбей калды. Бирок кайра кантип мурунку абалына келет?

Тилек чозмо менен чымчыктарды атканына өкүндү да, чын дили менен Карабаштан кечирим сурады.



Кечирим сурагандан кийин гана кайрадан айланасын аппак туман каптап, Тилек өзүнүн бала болуп калганын көрдү. Чоң атасы менен Айдай эжеси мурунку эле калыбында таранчынын канатын карап жатышкан экен.

– Мен баарын түшүндүм, – деп чоң атасын кучактап калды.

Таранчыны акырын колуна алды да:

– Айдай эже, сиз мага жардам бересизби? Бул таранчыны айыктырып, кайра учуруп жиберели. Анын балапандары бар. Алар ачка калышпасын. Эми эч качан чымчыктарды чозмо менен атпайм, – деди Тилек.

– Албетте, жардам берем, – деди эжеси.

Тилек эжеси экөө таранчынын канатын айыктыргандан кийин, учуруп жиберишти. Ал бактын башына барып конду да, коштошкондой бир аз карап туруп, андан ары учуп кетти.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |